**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**

№2/2025, 133-142

***ЮРИСПРУДЕНЦИЯ***

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948610_2025_2_12

# ИСЛАМ УКУГУНУН БАШКА УКУКТУК СИСТЕМАЛАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ

ВЗАИМОСВЯЗЬ ИСЛАМСКОГО ПРАВА С ДРУГИМИ ПРАВОВЫМИ СИСТЕМАМИ

RELATIONSHIP OF ISLAMIC LAW WITH OTHER LEGAL SYSTEMS

**Себетов Жаркынбай**
*Себетов Жаркынбай*
*Sebetov Zharkynbai*

**PhD, окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*PhD, преподаватель, Ошский государственный университет*
*PhD, Lecturer, Osh State University*
jsebetov@oshsu.kg
ORCID: 0009-0003-6379-3423

---

**Аширбаев Азимбек**
*Аширбаев Азимбек*
*Ashirbaev Azimbek*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's Student, Osh State University*
azimbekashirbaev@gmail.com

# ИСЛАМ УКУГУНУН БАШКА УКУКТУК СИСТЕМАЛАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ

**Аннотация**

Ислам укугу Ислам келгенден кийин болжол менен эки жүз жылдык бир мезгилде өзүнүн негизги түшүнүктөрү, институттары жана принциптери менен пайда болуп, өзүнүн калыптанышын жалпы жонунан ишке ашырган. Пайда болушунда жана калыптанышында андан мурунку же аны менен замандаш болгон башка укуктук системалардын таасиринин болуп-болбошу тууралуу ар кандай көз караштар айтылган. Бул көз караштарды жалпысынан үч топко ажыратып изилдөөгө мүмкүн. Биринчи топко Ислам укугу Рим укугуна негизделгенин жактаган изилдөөчүлөр кирет. Экинчи топтогу изилдөөчүлөр Ислам укугу башка укуктук ситемалардан таасирленбегенин, тескерисинче башкалар андан таасирленгенин жакташат. Ал эми үчүнчү топтогу изилдөөчүлөр болсо, Ислам укугуна башка укуктук системалардын таасири анын келип чыгышы жана калыптанышына эмес, кийинки доорлордо өзгөчө коомдук укук чөйрөсүндө болгонун жана өтө чектелген деңгээлде калганын айтышат. Бул макалада Ислам укугунун башка укуктук системалар менен байланышы жогорудагы үч көз караштын негизинде каралып, өз ара таасирленүүнүн канчалык деңгээлде ишке ашканы изилденет.

***Ачкыч сөздөр:*** Ислам укугу, укуктук системалар, Рим укугу, жөөт укугу, Жахилият мыйзамдары

## *ВЗАИМОСВЯЗЬ ИСЛАМСКОГО ПРАВА С ДРУГИМИ ПРАВОВЫМИ СИСТЕМАМИ*

**Аннотация**

Исламское право возникло со своими основными концепциями, институтами и принципами и в целом сформировалось в течение примерно двухсот лет после появления ислама. Были высказаны различные мнения относительно влияния других правовых систем, которые предшествовали или сосуществовали с ней в ее возникновении и становлении. Эти взгляды можно условно разделить на три группы. К первой группе относятся исследователи, которые утверждают, что исламское право основано на римском праве. Исследователи второй группы утверждают, что исламское право не подверглось влиянию других правовых систем, а, скорее, другие подверглись влиянию исламского права. Однако исследователи третьей группы утверждают, что влияние других правовых систем на исламское право не повлияло на его возникновение и формирование, а проявилось в более поздние периоды, особенно в области публичного права, и оставалось весьма ограниченным. В данной статье рассматривается взаимосвязь между исламским правом и другими правовыми системами с трех вышеуказанных точек зрения, а также изучается степень взаимного влияния.

***Ключевые слова:*** Исламское право, правовые системы, Римское право, иудейское право, законы джахилии

## *RELATIONSHIP OF ISLAMIC LAW WITH OTHER LEGAL SYSTEMS*

**Abstract**

Islamic law emerged with its basic concepts, institutions and principles over a period of approximately two hundred years after the advent of Islam and generally carried out its formation. Various views have been expressed on whether or not other legal systems that preceded or were contemporary with it influenced its emergence and formation. These views can be broadly divided into three groups. The first group includes researchers who argue that Islamic law is based on Roman law. Researchers in the second group argue that Islamic law was not influenced by other legal systems, but rather that others were influenced by it. Researchers in the third group argue that the influence of other legal systems on Islamic law was not on its origin and formation, but was in the sphere of public law in later periods and remained very limited. This article examines the relationship between Islamic law and other legal systems based on the above three views and examines the extent to which mutual influence was realized.

***Keywords:*** Islamic law, legal systems, Roman law, Jewish law, Jahaliya laws

**Введение**

Ислам бир гана ишеним системасы эмес, ошол эле учурда жүрүм-турумдун бардык үлгүлөрүн камтыган амал[1] жана адеп-ахлак принциптерин да белгилеген дин. Жалпы кабыл алынган классификация боюнча шарият өкүмдөрү акыйда (ишеним), амал жана адеп-ахлак болуп үч топко бөлүнөт жана негизги Ислам илимдери ушул негизги темалардын тегерегинде калыптанган жана өнүккөн. Булардын ичинен амал менен алектенген илим фыкх деп аталат. Фыкх өзүнө таандык булактары, пайда болуу жана калыптануу этаптары, систематикалык түзүлүшү менен адамдардын сырткы жүрүм-турумдарын жана сырткы дүйнөсүнө таасирин тийгизген ички жүрүм-турумдарын жөнгө салган эрежелердин жыйындысы болуп саналат. Ошондуктан фыкх адамдын жеке өзүнө тийиштүү жүрүм-туруму менен бирге Жаратуучу, табият жана коомдогу башка адамдар менен болгон мамиле, карым-катнашын жөнгө салат. Адамдардын коомдук мамиле, карым-катыштарга байланыштуу жүрүм-турумдарын да жөнгө салганы үчүн фыкхты өз алдынча укук системасы катары кароого толук мүмкүн. Бүгүнкү күндө көбүнчө Ислам укугу[2] деп аталып келе жаткан фыкх илими Куран жана Сүннөттүн[3] негизинде мурда “фукаха/факихтер” деп аталган Ислам укук таануучулары тарабынан рационалдуу ыкмалар менен түзүлгөн тутум болуп эсептелет. Бирок азыркы мезгилдеги мусулмандык укук тарыхын изилдөөчүлөр арасында анын калыптануу процессинде ага чейинки же ага замандаш болгон укук системаларынын таасири тууралуу үч түрдүү көз караш пайда болгон.

Кээ бир изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, Ислам укугу Рим укугуна негизделген. Керек болсо, алардын пикири боюнча, Ислам укугунун жөөт мыйзамдарынан алынган бөлүктөрү да Рим укугуна тиешелүү. Анткени Рим укугу жөөт мыйзамдарына да таасирин тийгизген. Венгриялык чыгыш таануучу жана ислам таануучу Игнац Гольдциер (1850-1921), австриялык чыгыш таануучу Альфред фон Кремер (1828-1889) ж.б. бул пикирдин жактоочулары болуп эсептелишет.

Кээ бир изилдөөчүлөр Ислам укугуна эч кандай укуктук тартип таасир этпегендигин, тескерисинче, Ислам укугу Рим укугуна, батыштын эл аралык укугуна, андан кийин англис жана француз мыйзамдарына, ал тургай кийинки мезгилдердеги, өзгөчө Андалусия аркылуу да Израил мыйзамдарына таасир эткенин айтышкан. Абул-Фадаил ал-Жукаданий, Абдух Хасан аз-Заййат сыяктуу изилдөөчүлөр ушул пикирди жакташат.

Үчүнчү топтогу изилдөөчүлөр болсо, Ислам укугунун булагы жагынан вахийге негизделгенин жана оригинал экенин, эч кандай укуктук тартиптен таасирленбегенин,

[1] Фыкхтын жөнгө салуу чөйрөсү “амал” термини менен туюнтулган. Амалга башка жандыктардын кыймыл-аракети жана нерселердин кыймылы кирбейт, ал адамдын жүрүм-турумун гана билдирет. Амал түшүнүгү адамдардын бир гана сырткы органдары менен жасаган жүрүм-турумдарын эмес, таасири сыртка чагылдырылган ички жүрүм-турумдарын да камтыйт.

[2] Ислам укугу – фыкхта өз ара укуктар менен милдеттердин байланышын түзүүчү жүрүм-турумду гана жөнгө салуучу буйрук берүүчү жана уруксат берүүчү нормалардын жыйындысы. Демек, Ислам укугу фыкхтын укукка дал келген бөлүгү болуп саналат.

[3] Ислам укугунун негизги булактары – Куран менен Сүннөт. Алла Тааланын пайгамбарларга түздөн-түз же периште аркылуу түшүргөн кабарлары жалпы жонунан вахий деп аталат. Куран аяттарынын көбү сахабалардын Мухаммед пайгамбардан сураган суроолоруна жооп иретинде жана ошол учурда болуп өткөн кайсыбир окуянын өкүмү тууарасында түшүп турган. Ал эми аят түшпөгөн учурларда ар кандай маселелерге Мухаммед пайгамбар өзү жооп берген. Мына ошентип диндин/Ислам укугунун экинчи негизги булагы болгон Сүннөт пайда болгон. Сүннөт Мухаммед пайгамбардын айткан сөздөрү, кылган иштери жана сахабалардын кандайдыр бир сөзүн же ишин тастыктоосунан турат. Сүннөт да вахийдин бир бөлүгү катары каралат.

принциптеринин, концепцияларынын жана институттарынын башка укуктук тартиптен алынбаганын жакташат. Бул пикирди жактагандардын арасында англиялык чыгыш таануучу Эдвард Фицджеральд (1809-1883), франциялык чыгыш таануучу Джордж-Генри Буске (1900-1978), немец чыгыш таануучу Йозеф Шахт (1902-1969) бар. Ошондой эле Мухаммед Хамидуллах (1908-2002), Мухаммед Абу Захра (1898-1974), Субхи ал-Махмасаний (1906-1986), Абдурраззак ас-Санхурий (1895-1971), Мухаммед Йусуф Муса (1899-1963) мусулман укук таануучулары да ушул пикирди карманышат. Алардын пикири боюнча, Ислам укугуна башка укук системаларынын таасири анын келип чыгышы жана калыптанышы менен эмес, кийинки доорлордо жана өзгөчө коомдук укук чөйрөсү менен байланыштуу болуп, өтө чектелген деңгээлде калган (Karaman, 2009, б. 33).

Төмөндө ушул айтылган үч түрдүү көз караштын негизинде Ислам укугунун Жөөт укугу, Рим укугу жана Жахилият мыйзамдары менен өз ара байланышы, таасирленүүнүн болуп-болбогону, булардын ортосундагы айрым окшоштуктардын себеби изилденет.

**1. Ислам укугунун жөөт укугу менен байланышы**

Жөөт мыйзамдары жөөттөрдүн жашоосунун бардык аспектилерин жөнгө салуучу диний милдеттердин жыйындысын билдирет. Бул мыйзам сыйынуу жана диний жөрөлгөлөрдүн жоболорунан, жеке жана коомдук жүрүм-турум эрежелеринен жана бүгүнкү күндө соттор тарабынан колдонулган жоболордон турат. Жөөт укугунун эки булагы бар экени айтылат: Тоорат (Эски Осуят) жана жөөт аалымдарынын чечмелөө жана түшүндүрмөлөрүнөн түзүлгөн Талмуд.

Тооратtaгы кээ бир өкүмдөр Куран жана Сүннөттөгү өкүмдөргө окшош болушу таң калыштуу эмес. Анткени, Тоорат кийин өзгөртүүгө учуруганы менен, ал Алла Таала тарабынан Муса пайгамбарга түшүрүлгөн вахийге[4] негизделген. Ошондуктан, кээ бир окшоштуктар жөнүндө айтыла турган эң орундуу пикир – бул темалардагы илахий эрктин[5] тарых бою бир эле көрүнүштө болгондугу. Мисалы, аялдардын кийими, атайылап өлтүрүү жана жаракат келтирүү үчүн кысас жазасынын колдонулушу, карыз мамилелеринде үстөк пайызга тыюу салынышы, чочконун этин жебөө, никеден улам пайда болгон белгилүү бир даражадагы тууганчылыкты никелешүүгө тоскоол катары кароо (хурмат ал-мусаахара/ حرمة المصاهرة), кылмышкери белгилүү болбогон адам өлтүрүү кылмышы боюнча өлүк табылган жердин тургундарынын жоопкерчилик тартышы (касаама/القسامة) сыяктуу көптөгөн мисалдардагыдай окшоштуктар эки укук системасынын тең бир илахий булактан азыктанышы менен түшүндүрүлөт.

Ошондуктан таасирленүү тууралуу эмес, булак менен максаттын биримдигинен улам экөөнүн ортосунда улантуучулук байланышы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Ошону менен бирге эки укук системасындагы окшоштуктардын саны да чектелүү экенин айта кетүү керек. Чечмелөө жана өзгөртүү аркылуу пайда болгон Талмуд укугуна келе турган болсок, муну

[4] Вахий (الوحي) – Алла Тааланын пайгамбарларына буйруктарды, өкүмдөрдү жана маалыматтарды кабарлоосу деген мааниде колдонулган термин.
[5] Алла Таалага таандык болгон, түпкү башаты Алла Таалага барып такалган деген сыяктуу маанилерди билдирет. Мисалы, *илахий эрк* дегенде Алла Тааланын эрки тууралуу айтылып жаткан болот.

Тоорат менен бир алкакта кароого мүмкүн эместиги ачык маселе (Yaman жана Çalış, 2012, б. 18).

**2. Ислам укугунун Рим укугу менен байланышы**

Ислам укугу менен Рим укугунун[6] байланышы боюнча эки карама-каршы көз караш пайда болгон. Алардын биринчиси Рим укугу Ислам укугуна таасир эткен, ал тургай анын бар болушу Рим укугуна милдеттүү деп эсептешет. Бул көз караштын себептерин жана аларга берилген илимий жоопторду беш пунктта жалпылап кароого мүмкүн:

1. Мухаммед пайгамбар Сирияга болгон саякаттарында ал жерде колдонууда болгон Чыгыш Рим (Византия) мыйзамдарын үйрөнгөн жана ошентип Рим укугу Ислам мыйзамдарына таасир эткен.

Тарыхый булактарда айтылганы боюнча, Мухаммед пайгамбар Сирияга эки жолу барган. Биринчисинде тогуз (кээбир маалыматтар боюнча он эки) жашында болгон. Экинчи сапарында жыйырма төрт жашында барып, ал жакта он беш күндөй гана убакыт жүргөн. Мындан тышкары, ал Рим мыйзамдарынын булактарын, нормаларын үйрөнүп, өздөштүрүү үчүн зарыл болгон тилдерди билген эмес. Анын мынчалык кыска убакытта жана өзү билбеген тилдеги Рим укугунун мыйзамдарын аңдап-түшүнүшү мүмкүн эмес.

2. Бейрутта жана Александрияда Рим укугун үйрөтүүчү мектептер жана бул мыйзамды колдонгон сот мекемелери болгон. Бул жерлер мусулмандардын колуна өткөндөн кийин Авзаъий диний-укуктук мектебинин негиздөөчүсү Абдуррахман ибн Амр ал-Авзаъий (ө.ж. 157/774) жана Шаафий диний-укуктук мектебинин негиздөөчүсү Мухаммед ибн Идрис аш-Шаафий (ө.ж. 204/820) сыяктуу мусулман укук таануучулар Рим укугун үйрөнүшүп, анын эрежелерин Ислам укугуна өткөрүшкөн.

Бул айтылгандардын бири да тарыхый жактан туура дагы эмес, негиздүү дагы эмес. Анткени Стамбул, Бейрут жана Римден башка жерлердеги мектептердин бардыгы 533-жылы император Юстиниан тарабынан жабылган. Демек, Александриядагы юридикалык мектеп мусулмандарга чейин бир кылымдан ашык убакыт мурун ишмердүүлүгүн токтоткон. Бейрут юридикалык мектеби да мусулмандарга чейин сексен жылдай мурда жер титирөөдө талкаланган жана 551-жылдан кийин анын изи да калган эмес. Өмүрүнүн акыркы мезгилинде Авзаъий Бейрутка, ал эми Шаафий Египетке көчүп барып отурукташкан. Айрыкча, Шаафий Египетте көчүп барган мезгил Ислам укугунун негизинен өз калыптануусун аяктаган учурларга туш келет. Ал эми соттордун таасирине келсек, мусулман соттордо Ислам укугунун жоболору гана колдонулушу мүмкүн болгон. Кээ бир аймактарда мусулман эместерге берилген укуктук эркиндик болсо мусулман соттордо өз мыйзамдарына ылайык соттошуу укугун камтыган эмес.

3. Ислам укук таануучулары Рим укугу колдонулган аймактарга тарап, ошол жерлерге отурукташкан. Алар Ислам укугунан тиешелүү өкүм таба албаган маселелерде адат эрежеси катары ошол жерлерде жашаган элдин жашоосуна сиңип калган Рим укугунун эрежелерин

[6] Рим укугу – Байыркы Римдин укуктук системасы. Ал коомдук укук менен жеке укуктун ортосундагы айырмачылыкка негизделген. Бул айырмачылык биринчи жолу Рим укугунда жасалган.

колдонушкан. Мына ошентип Рим укугу үрп-адаттар аркылуу Ислам укугуна таасирин тийгизген.

Булактарда Ислам укук таануучуларынын Рим укугунун нормаларын билгени жөнүндө эч кандай маалымат кезедештире албайбыз. Анын үстүнө алар Рим укугун билсе да, соттордо колдоно алышмак эмес. Анткени, Ислам сотторунда соттолгон адам мусулман эмес жаран (зиммий)[7] болсо да, бул иште Ислам шариатынын жоболорун колдонуу милдеттүүлүгү бар болгон. Ал эми үрп-адат Ислам укугунда өз алдынча булак боло албайт. Китеп жана Сүннөттө кандайдыр маселеге тиешелүү өкүмдүн жок болушу үрп-адат эрежелеринин абсолюттук колдонулушун зарыл кылбайт.

4. Рим укугу Жөөт жана Жахилият мыйзамдары аркылуу Ислам укугуна таасирин тийгизген. Рим укугунун эрежелери алгач Талмуддун укуктук мазмунуна жана Жахилият адат эрежелерине таасирин тийгизип, алар кыйыр түрдө Ислам укугуна өткөн.

Рим укугугунун Жахилият укугуна таасир эткени тууралуу эч кандай илимий далилдер жок. Жахилият доорундагы арабдардын Рим башкаруусундагы аймактар менен байланышта болушу алардын мыйзамдарын кабыл алганын билдирбейт. Чындыгында арабдар сабатсыз коом катары өз үрп-адаты менен жашап келишкен. Рим мыйзамдары Жөөт мыйзамдарына да таасир эткен эмес, тескерисинче Рим укугу Жөөт мыйзамдарынан таасирленген. Рим укугу III кылымдан кийин Талмуддун таасири астында калганы изилдөөлөр менен тастыкталган. Ислам укугу менен Жөөт мыйзамдарынын ортосундагы айрым окшоштуктар окшош коомдук талаптардан улам келип чыгышы мүмкүн. Экөөнүн ортосунда абдан маанилүү айырмачылыктар бар. Мындан тышкары, “Ислам өзүнөн мурунку диндердин өкүмдөрүн жокко чыгарат” деген принцип Ислам укукчуларынын Жөөт мыйзамдарынан өкүмдөрдү алуусуна жол берген эмес.

5. Рим укугу менен Ислам укугунун кээ бир принциптеринин жана институттарынын окшоштугу таасирленүүнүн бар экендигин көрсөтөт. Рим укугу тарыхый жактан мурдараак болгондуктан, Ислам укугу анын таасири астында болгон деген тыянак чыгаруу табигый нерсе.

Рим укугундагы кээ бир принцип жана институттардын Ислам укугунда да болушу таасирленүүн бар экенин далилдей албайт. Анткени окшоштуктар универсалдуу укуктук ойдун жалпы принциптеринен же жалпы коомдук керектөөлөрдөн келип чыккан болушу мүмкүн. Мындан тышкары, Рим укугу менен Ислам укугунун ортосунда башат, систематика, негизги принциптер жана институттар жагынан айырмачылыктар бар. Башкача айтканда, Рим укугу толук түрдө адамдын эркине таянса, Ислам укугу илахий эркке негизделет. Рим укугу системалуу түрдө коомдук жана жеке укук болуп эки бөлүккө, ал эми жеке укук үч бөлүккө: адамдарга, мүлккө жана доолорго тиешелүү укуктар деп бөлүнөт. Ал эми Ислам укугунун өкүмдөрү ибадат, муъамалат жана укубат болуп бөлүнөт.[8] Мындан тышкары, Рим укугундагы

[7] Бүткүл адамзатка жөнөтүлгөн акыркы дин болгон, универсалдуу табияты Куранда баса белгиленип, динде мажбурлоого катуу тыюу салган Ислам дини өзүнүн жолдоочулары түзгөн коомдо башка диндерди кармангандарга ишеним эркиндиги, өмүр жана мал-мүлк коопсуздугу менен жашоого мүмкүндүк берген. Мына ошол мусулман коомчулугунда жашаган башка диндин өкүлдөрү “зиммий” деп аталган.

[8] Ибадат (العِبَادَة) – “моюн сунуу, баш ийүү, кулчулук кылуу” сыяктуу маанилерди билдирет. Фыкх илиминде бул бул топко кирген бөлүмдөрдө адам менен Жаратуучунун ортосундагы мамилелер изилденет. Мисалы, намаз, орозо, зекет, ажылык, курмандык чалуу сыяктуу ибадаттарга тиешелүү өкүмдөрдү мына ушул топко киргизүүгө болот.

ата менен күйөөнүн үстөмдүгү жана бала асырап алуу сыяктуу негизги институттар Ислам укугунда жок. Ал эми вакыф,[9] шуфъа,[10] сүт туугандыктын[11] нике тоскоолдугу болушу, хисба (الحسبة) мекемеси[12] жана таъзир (التعزير)[13] жазалары сыяктуу Ислам укугунун принцип жана институттары Рим укугунда жок (Зейдан, 2006, б. 81-84).

Ислам укугунун Рим укугунан алынган деген доомат азыркы учурда илимий жактан четке кагылган көз караш болуп калганын айтууга болот. Ал эми Рим укугунун таасири Ислам укугунун пайда болушу, систематикасы, негизги принциптери жана институттары деңгээлинде эмес экенин байкоого мүмкүн. Бул маселе батыштык укук таануучулардын да көңүлүн буруп, 1936-жылдын август айында Гаагада болуп өткөн "Заманбап укуктун эл аралык конгрессинде" эки мусулман укук таануучунун Ислам укугу боюнча жасаган баяндамаларынан кийин төмөнкү үч чечим кабыл алынган:

а. Ислам укугу оригиналдуу, эч кандай укуктук системадан таасирленген эмес.

б. Ислам укугу динамикалуу жана заманбап талаптарды канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

в. Ушул өзгөчөлүктөр менен Ислам укугу бүгүнкү күндөгү укуктун булактарынын бири болуп саналат (Köse, 2004, б. 96).

Ислам укугунун Рим укугу менен байланышы тууралуу экинчи көз карашка келсек, жогоруда белгилегендей, ал биринчи көз карашка карама-каршы келет жана Ислам укугу Рим укугуна таасир эткенин жактайт. Андалусияда Ислам укугуна тиешелүү китептердин латын тилине которулушу Европада мусулмандык укук принциптеринин жана институттарынын таанылышын камсыз кылган. Башка европалык юридикалык окуу жайлардын окумуштуулары, өзгөчө Болонья юридикалык мектеби кээ бир Ислам укук принциптерин жана институттарын өздөрүнүн түшүндүрмөлөрү (шархтары) аркылуу Рим укугуна киргизген (Зейдан, 2006, б. 84). Ислам укугу Рим укугуна таасир эткен деген пикир илимий жактан далилденген эмес жана так негизделбеген.

## 3. Ислам укугунун Жахилият укугу менен байланышы

Жахилият укугу деген термин менен биз араб коомунда Ислам келгенге чейин күчүндө болгон бардык укуктук эрежелерди түшүнөбүз. Жахилият укугу адат укугу сыяктуу

---

Муъамала (المُعَاملة) "мамиле, карым-катыш" сыяктуу маанилерди билдирет. Ал эми Ислам укугунда "адамдардын ортосундагы социалдык-экономикалык мамилелер" деген мааниде колдонулат. Мисалы, үй-бүлө, соода-сатык, ижара, акча алмаштыруу сыяктуу маселелерге тиешелүү өкүмдөр жана эл аралык мамилелерге тиешелүү өкүмдөр Ислам укугунун ушул бөлүгүндө изилденет.

Укубат (العقوبة) "жаза" деген маанини билдирет. Шарият жоболору боюнча кылмыш деп эсептелген жоруктар жана буларга бериле турган жазаларга тиешелүү өкүмдөрдү изилдеген бөлүмдөрдү ушул топко кошууга болот.

[9] "Өз ээсинин бир мүлктү диний, коомдук жана кайрымдуулук иштерине туруктуу бөлүп берүүсү" деп айтууга боло турган вакыф (الوقف) Ислам цивилизациясынын маанилүү элементтеринин бирин түзгөн кайрымдуулук мекемеси болуп саналат.

[10] Шуфъа (الشفعة) – араб тилинде "кошуу, бириктирүү" деген мааниде. Ал эми Ислам укугунда "коңшулардын бири-биринин кыймылсыз мүлктөрүн сатып алууга башкаларга караганда артыкча укуктуу болуусу" деген мааниде колдонулат.

[11] Баланы өз энесинен башка аялдын эмизүүсү аркылуу пайда болгон туугандык.

[12] Ислам мамлекеттеринде жалпы адеп-ахлакты жана коомдук тартипти коргоо жана көзөмөлдөө боюнча жооптуу уюм.

[13] Хад жана кысас жазаларынан тышкары, башкаруучунун же соттун эркине берилген жаза.

калыптанып, белгилүү бир мыйзам чыгаруу бийлигин колдонуу менен түзүлгөн эмес. Жахилият доорунда араб коому социологиялык жактан мамлекет формасында түзүлүш стадиясына жете элек болчу. Алар уруу болуп жашашкан. Коомдук жашоо да убакыттын өтүшү менен калыптанган үрп-адат эрежелери боюнча тартипке салынган. Ошондой эле соттук талаш-тартыш болгондо кайрыла турган сот органы болгон эмес. Укуктук талаш-тартыштар, адатта уруу башчыларынын же диний кызматкерлердин көзөмөлүндө жана колдонуудагы адат мыйзамдарына ылайык чечилчү. Адат эрежелерине же кабыл алынган чечимдерге баш ийбөөнүн санкциясы юридикалык эмес, социалдык мүнөздө болгон. Социалдык санкция адат эрежелерин бузган адамды жазалоонун эффективдүү түрү болгону менен, ал дайыма эле кылмышка тете жана тең болгон эмес, ошондой эле бир эле кылмышка дайыма эле бирдей мамиле кылынбагандыктан, ал туруктуу боло берген эмес.

Жахилият мыйзамдарына карата Ислам үч негизги мамилени кабыл алган. Булардын биринчиси – Жахилият адат мыйзамы чегинде Ислам негиздерине толук дал келген өкүмдөрдү жана түзүмдөрдү ошол бойдон кабыл алуу жана улантуу. Бул “ибка/الإِبْقَاءُ” деп аталат, башкача айтканда эрежелерди жана түзүмдөрдү ошол бойдон калтыруу. Мисалы, Ислам Жахилият доорунда колдонулган түрдүү нике формаларынын ичинен Ислам шариятында белгиленген нике түрүн гана кабыл алып, аны ошол бойдон калтырган. Ошол сыяктуу эле, шериктештик келишиминин бир түрү катары мудаарабаны[14] да өзгөрткөн эмес. Исламдын Жахилият мыйзамдарына карата экинчи мамилеси – кээ бир өкүмдөрдүн жана мекемелердин оңдоп-түзөтүүдөн кийин кабыл алынышы. Бул “ислах/الإِصْلَاح” деп аталат. Мисалы, Жахилият мыйзамы боюнча эркектин бир убакта каалаганынча аял менен үйлөнүүсү мүмкүн болгон. Ал эми Ислам бирден ашык аял менен никеге турууну белгилүү бир шарттарды коюу менен оңдоп, санын чектеген.[15] Ошондой эле Ислам Жахилият мыйзамындагы талактын (ажырашуу) формасын өзгөртүп, аны белгилүү шарттар жана чектөөлөр менен оңдогондон кийин кабыл алган. Үчүнчү мамиле – Исламдын негизги принциптерине туура келбеген Жахилият мыйзамдарынын кээ бир өкүмдөрүн жана мекемелерин жокко чыгаруу. Бул “илга/الإِلْغَاء” деп аталат. Буга мисал катары жахилият доорунда калыңсыз жана алмашуу жолу менен ишке

[14] Мудаараба бир тараптын капиталды бериши, экинчи тараптын аны ишке ашырууну милдеттениши менен түзүлгөн жана пайданы бөлүштүрүүгө негизделген шериктештик болуп эсептелет.

[15] Көп аялдуулук башка коомдордо болгондой эле, Исламга чейинки жахилият арабдарында да кеңири таралган. Жада калса уруу башчылары жана мүчөлөрү өздөрүнүн аброюна жараша каалаганчалык аял менен үйлөнүп, өзгөчө дайыма уланып турган уруулар ортосундагы согуштардын эркектердин саны жагынан уруунун күчтүү болушун талап кылышы, бала-чака жана тууган-уруктун көптүгүн мактануу жана кадыр-барктын булагы деп эсептелиши, жумушчу күчкө болгон муктаждыктан улам калктын санын көбөйтүүгө болгон талап, көп аялдуулуктун күчтүн, бир никелүүлүктүн алсыздыктын белгиси катары каралышы сыяктуу себептер көп аялдуулуктун жайылышына түрткү болгон. Айрыкча ал доордо аялдар үй-бүлөнүн материалдык жүгүн көбөйткөн, кадыр-барксыз жандык катары кабыл алынып, уяла турган нерсе катары көрүлүшү анын үй-бүлөдө кул сыяктуу мамиле көрүшүнө, жада калса андан да жаман мамилеге туш болушуна себеп болгон.

Мына ушундай бир доордо Ислам биринчи кезекте башка коомдордо да болуп келгени сыяктуу эзилген аялдардын абалын оңдоп, үй-бүлө институтуна тартип киргизген. Үй-бүлө күйөөнүн деспотизми үстөмдүк кылган уруулук институт эмес, анын негизги эки түркүгү болгон аял менен күйөөнүн өз ара укуктары жана милдеттери менен жабдылган коомдун негизин түзгөн институтка айландырган. Исламдын бул жаатта биринчи көргөн чараларынын бири – көп аялга үйлөнүүнү төрт менен чектеши жана бирден ашык никеде аялдардын ортосунда адилеттүүлүктү камсыз кылууну шарт кылышы. Ошентип, көп аялдуулукка сан жагынан да, үй-бүлө институтунун иштеши боюнча да тартип киргизилген.

ашкан никелердин,[16] үстөк пайыз менен карыз берүүнүн жоюлушун айтсак болот (Себетов, 2023, б. 42-43).

**Корутунду**

Укуктук системалар социалдык институттар болуп саналат. Коомдордун ортосундагы мамилелер укуктук системалардын өз ара таасирленүүсүнө алып келери табигый көрүнүш. Экинчи жагынан, коомдук турмуштун жалпы талаптары укуктук системалардын ортосунда кээ бир окшош эрежелердин жана институттардын пайда болушуна алып келиши мүмкүн. Бул жагынан алганда, укуктук системалардын ортосундагы кээ бир окшоштуктар алардын сөзсүз түрдө бири-биринен таасирленгенин билдирбейт. Укуктук системанын булагы, андагы баалуулуктар жана анын систематикасы анын оригинал болуп-болбошун аныктайт. Демек, Ислам укугунун илахий укук системалары, Рим жана Жахилият мыйзамдары менен болгон байланышын жогоруда айтылгандардын негизинде баалай алабыз.

“Илахий укук системалары” деген термин Алла Тааладан түшүрүлгөн вахийге негизделген укуктук системалары деген мааниде колдонулат. Ислам укугу да вахийден келип чыккандыктан, илахий укук системасы болуп саналат. Ар кандай илахий укук системалары (шарият) бар болгону белгилүү. Ислам укугу менен башка илахий укук системаларынын башаты бир жерге барып такалат. Ал башат – тарых бою пайгамбарлар аркылуу келген вахий. Вахий түздөн-түз укуктук системаны билдирбейт. Бирок анда укуктук тартипти камтыган принциптер бар. Ар бир илахий укук системалары, анын ичинде Ислам укугу илахий эркти билдирген вахийге негизделген принциптерге таянат. Ислам укугу менен башка илахий укук системаларынын ортосунда максат бирдиги да бар. Алардын негизги максаты – адамдарды акырет бактылуулугуна жеткирүү. Бул дүйнө жашоосу акырет бактылуулугун камсыздай тургандай түзүлүшү керек. Бул жагынан алганда, укуктук өкүмдөрдүн максаты бир гана коомдук жашоону жөнгө салуу эмес, адамдарды акырет бактылуулугуна жетиши үчүн туура, жакшы жана адилеттүүлүккө багыттоо болуп саналат. Ислам укугу менен мурунку шарияттардын ортосундагы мамиленин дагы бир түрү – аларды жокко чыгарып, күчүн жоготушу болуп саналат. Бул Ислам укугу терминологиясында “мурунку шарияттардын насх болушу”[17] деп аталат.

Ислам укугунун жоболрунун Рим укугунан алынганы тууралуу айтылгандар азыркы учурда илимий жактан кабыл алууга болбой көз караш экенин айтууга толук мүмкүн. Ал эми Рим укугунун таасири Ислам укугунун пайда болушу, систематикасы, негизги принциптери жана институттары деңгээлинде эмес экенин да байкоого болот. Ошону менен бирге экөөнүн ортосундага айрым окшоштуктар универсалдуу укуктук ойдун жалпы принциптеринен же

[16] Нике учурунда же никеден кийин эркек тарабынан аялга берилиши керек болгон мал-мүлк калың деп аталат. Ислам укугу адабияттарында бул мааниде махр деген сөз колдонулат. Азирети Пайгамбар өзү үйлөнгөндө аялдарына калың берген, кыздарын турмушка бергенде да алар үчүн калың сураган жана үйлөнүп жаткан сахабаларын да аялдарына калың берүүгө үндөгөн. Калыңды никеге чейин да, никеден кийин да берүүгө болот. Калың белгиленип нике кыйылгандан кийин аял калыңды күйөөсүнө багыштап жиберүүгө укуктуу. Бул жерде айтылып жаткан алмашуу жолу менен калыңсыз дегенди төмөнкүдөй: Биринчи үй-бүлөнүн уулун экинчи бир үй-бүлөнүн кызы менен, экинчи үй-бүлөнүн уулун биринчи үй-бүлөнүн кызы менен үйлөндүрүп, бул никелешүү эки үй-бүлөнүн ортосунда ишке ашып жатканы үчүн бири-бирине калың бербөө шарты менен түзүлгөн нике. Жахилият доорунда бар болгон мына ушундай никелешүүгө Ислам дини тыюу салган.

[17] Кандайдыр бир шарият өкүмүн андан кийин келген далил менен жокко чыгаруу насх деп аталат. Куран аяттары өзүнөн мурунку шарияттарды насх кылган, башкача айтканда алардын өкүмүн жокко чыгарган.

жалпы коомдук керектөөлөрдөн келип чыкканын айта алабыз. Ислам укугу Рим укугуна таасир эткен деген пикир илимий жактан далилденгенбегенин жана так негизделбегенин айта кетишибиз керек.

**Адабияттар**


1. Галмаматов, А. А. Хибатуллах ат-Таразий (ат-Түркистаний) жана ислам ишеним негиздери тууралуу көз караштары / А. А. Галмаматов // Вестник Ошского государственного университета. – 2025. – No. 1. – P. 200-211. – DOI 10.52754/16948610_2025_1_17. – EDN TELRHG.
2. Зейдан, А. (2008). *ал-Мадхал ли дирааса аш-шариъа ал-Исламиййа*. Бейрут: Муассаса ар-рисаала нашируун.
3. Мурзаев, М. С. Кыргыз тилиндеги психологиялык терминдердин өнүгүшүнө ислам динииндеги түшүнүктөрдүн тийгизген таасири / М. С. Мурзаев, Н. О. Караева // Вестник Ошского государственного университета. – 2023. – No. 1. – P. 109-117. – DOI 10.52754/16948610_2023_1_13. – EDN OXAWYI.
4. Себетов, Ж. Б. (2023). *Ислам укугу: Жөндөмдүүлүк теориясы, үй-бүлө жана мурас*. Бишкек: Арашан гуманитардык институту.
5. Себетов, Ж. Ислам укук доктринасында адамдын укуктук катнаштын субъектиси болуп эсептелишинин негиздери / Ж. Себетов // Вестник Ошского государственного университета. – 2024. – No. 4. – P. 193-202. – DOI 10.52754/16948610_2024_4_19. – EDN RVJOMW.
6. Atantaev, A. T. Regulation of criminal-legal relations in Islamic law / A. T. Atantaev, T. Tologon Uulu // Journal of Osh State University. Law. – 2022. – No. 1. – P. 48-54. – DOI 10.52754/16948661_2022_1_5. – EDN PRCQNO.
7. Karaman, H. (2009). *Mukayeseli İslam Hukuku*. İstanbul: İz Yayıncılık.
8. Köse, S. (2004). *Çağdaş İhtiyaçlar ve İslam Hukuku*. İstanbul: Rağbet Yayınları.
9. Yaman, A., Çalış H. (2015). *İslam Hukukuna Giriş*. İstanbul: İFAV.